**УДК**

# КЫРГЫЗСТАНДАН ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНА БОЛГОН ЭМГЕК МИГРАЦИЯСЫ

***Тагайбекова Алина Абдыжалиловна,*** *магистрант, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Коомдук Илимдер Инстутунун Социология бөлүмүнүн студенти, Кыргызстан, Бишкек ш., Жал к.р. № 29\85, e-mail: angel_lina.94@mail.ru*

**Аннотация:**

Бул изилдөө миграция процессинин аныктамаларын берүү менен Кыргызстандан Түркия Республикасына болгон эмгек миграциясынын негизги себептерин, социологиялык ыкманын сандык методунун жардамы менен анализдейт. Түркия Республикасына болгон эмгек миграциясынын себептери, негизги факторлору анализге алынат жана онлайн сурамжылоодон алынган маалыматтардын статистикасы түзүлүп берилет.

**Уруунтуу сөздөр:** Миграция, тышкы миграция, эмгек миграциясы

# ТРУДОВАЯ МИГРАЦИЯ ИЗ КЫРГЫЗСТАНА В ТУРЕЦКУЮ РЕСПУБЛИКУ

***Тагайбекова Алина Абдыжалиловна,*** *магистрант социологического факультета, Института Социалных наук, Кыргызско Турецкого университета "Манас", Кыргызстан, г.Бишкек, м.р.Джал № 29\85, e-mail: angel_lina.94@mail.ru*

**Аннотация:**

Данное иследование анализирует основные причины трудовой миграции между Кыргызстаном и Турецкой Республикой, внося определения миграционному прцессу с помощью социалогического способа и количественного метода. Определяется причины миграции в Турецкую Республику а также анализируются основные факторы учитывая информацию онлайн опроса.

**Ключевые слова:** Миграция, внешняя миграция, трудовая миграция

## LABOR MIGRATION FROM KYRGYZSTAN TO THE REPUBLIC OF TURKEY

***Tagaybekova Alina Abdyzhalilovna,*** *The master in department of Sociology, Institute of Social Sciences, Kyrgyz-Turkish Manas University, Kyrgyzstan, Bishkek, Jal № 29\85, e-mail: angel_lina.94@mail.ru*

**Annotation:**

This study is a migration process, along with the ability to identify the main causes of migration on the Kyrgyz Republic to Turkey and social research using guantitative methods. The causes of soot in the Republic of Turkey, the main factors will be analyzed and the result of online statistics surveys are mass.

**Key words:** Migration, external migration, labor migration

**Киришүү**

XXI кылымда миграциялык кыймылдын күчөшүнөн улам “миграция доору” катары аталып калды [4].

Бул доордо алдыңкы планга чыккан тенденциялардын бири катары “эмгек” миграциясынын жогорулашы эсептелет. Ааламдашуу доору катары айтылган бул мезгилде эмгек миграциясы тарыхта болбогондой географиялык кыймылды жарата баштаган.

Ал эми бул миграция түшүнүгүнүн этимологиялык маанисине кайрыла турган болсок К. К. Юдахиндин (2000) сөздүгүндө бул термин кыргызча “көч” деп которулуп, бир жерден экинчи жерге которулуу, көчүү, өтүү деген аныктама берилет [3, 356].

Көп колдонулган аныктама орус окмуштуусу, экономика илимдеринин доктору, демограф, социолог Л.Л. Рыбаковскийге таандык болуп эсептелет. Рыбаковский көчтү ар кандай калктуу пункттардын бир жэ бир канча административдик-аймактык бирдиктерден мөөнөтүнө, үзгүлтүксүздүгүнө жана максаттык багытына жараша көз карандысыз жасаган баардык аймактык жер которууну айтууну сунуштайт [2, 46].

Аталган процесстерди көңүлгө алганда, миграция бүгүнкү күндө дагыда татаал, интенсивдүү жана масштабдуулук көз карашынын окшоштугу көрүлбөгөдөй бир абалга алып келди деп айтууга мүмкүн [5, 1].

Ал эми миграциянын мындай көрүнүштөрүнүн көбү КМШ өлкөлөрүндө байкалган. Анткени, Советтер Союзунун кулашы менен эски совет өлкөлөрүндө чоң бир жумушсуздук маселеси пайда болду. Чоң мамлекеттин ордуна бир нече жаңы эгемендүү мамлекеттер курулганынан мурдагы бирдиктүү мейкиндикте баш аламандык процесстер күчөдү. Ошол процесстердин бири катары жана эң орчунду орунду ээлеген миграция процесси болду.

Кыргызстанда миграция экономикалык кризистен улам калыптана баштаган. Кыргыз жарандары дагыда жакшы бир шарттарда жумуш табуу максатында башка мамлекеттерге ташынууга, көбүнчө кара жумуш, тейлөө сыяктуу кызматтарда иштөөгө мажбур болушкан. Мындай себептерден улам эркектер эле эмес, аялдар да мажбурду түрдө иштеше баштаган.

Бул кыймыл бүгүнкү күндө да Кыргызстанда өз мейкиндигин кенейтүүдө жана кыргыз жарандарынын жашоосун түздөн-түз өзгөрттүү жана өзгөртүсүн улантууда.

Учурда Кыргызстанда миграциянын көпчүлүк бөлүгү Түркия Республикасына карай болгондугу байкалгандыктан, бул илимий эмгекте Кыргызстандын тышкы миграциясын изилдөөсү Түркия Республикасына багытталып, миграциянын себептерин аныктоо маселеси коюлду. Мындай өзгөрүүгө Кыргызстандагы айлык акынын аздыгынан жана Россия Федерациясынын акча биримдигининин баркы түшүшү, кыргыз жарандарынын Түркияга болгон ташынусуна таасир бербей койгон жок.

**Изилдөөнүн максаты:**

Изилдөө Кыргызстандан Түркияга болгон эмгек миграциясынын социалдык жана экономикалык факторлорун көрсөтүүнү максат кылат. Ушуну менен бирге кыргыз жарандарынын Түркия жөнүндө пикирлерин аныктоо маселеси коюлат.

**Гипотезалар**:

- Миграциянын эң маанилүү себеби: ишсиздик, материалдык жетишбездик, айлык акынын аздыгы.
- Мигранттардын жогорку билимдүү эместиги жана көпчүлүгү өз кесиби менен иштебегени – миграция үчүн маанилүү фактор.
- Түркияга карата жүргөн эмгек миграциясына көбүнчө кыз-келиндер жана жаштар кабылат.

**Изилдөөнүн методу**:

Кыргыззстандан Түркияга болгон эмгек миграциясын анализдөөдө Түркияда иштеген кыргыз жарандары үчүн кыска (бир ай) убактынын ичинде сурамжылоо жүргүзүлдү жана миграция башкармалыгынан статистикалык маалыматтар алынды. Изилдөөгө төмөндөгүдөй эмпирикалык изилдөө ыкмалары колдонулду:

- Онлайн анкета жургүзүү (жабык суроолор, ачык суроолор);
- Анкета жыйынтыктарынын статистикалык анализдөө жана талдоо.

Сурамжылоонун натыйжасынан алынган жыйтыктарды статистикалык изилдөө **SPSS** программасы менен анализ кылынды жана алынган жыйынтыктары таблица жана диаграммалар менен көрсөтүлүп, интерпретациялар берилди. Бул ишти даярдоодо миграция башкармалыгы берген статистикалык маалымат жана жобоолор колдонулду.


***Изилдөө объектиси:***

Бул сурамжылоо Түркия Республикасына иштеп жүргөн кыргыз жарандарынан алынды. Сурамжылоонун 26.1%тин эркектер, ал эми 73.9% тин аялдар түзөт. Жалпысы 88 адам сурамжыланды.

***Катышуучулардын Демографиялак көргөзмөсү***


Бул изилдөөдөн алынган маалыматтар боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келсек болот:

- Изилдөөгө жалпы 19-54 жаш арасындагы респонденттер катышкан.
- Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүк бөлүгүн аялдар (73.9%) жана кыргыз улутундагылар (95.5%) түзүүдө.
- Жашаган аймагы: шаарда - 61.4% жана шаарчада - 10.2%; айылда - 28.4%.




Сүрөт 1. Респонденттердин жаш курагы

Гистограммада берилген маалыматка карай турган болсок, ташынгандардын көп бөлүгү 23-33 жаш арасындагы жарандардын турат. Мындай көрсөтөтмө бизге көбүрөөк жаш жарандарыбыздын ташынып жаткандыгын көргөзүп турат.




Сүрөт 2. Респонденттердин билим деңгээли

Берилген графика боюнча мигрантардын 55%ти жогорку билимдүү, башкача айтканда, бир кесиптин ээлери экенин көрсөк болот.

***Үй бүлөө киреше түрүнүн миграцияга болгон таасири***

| | **Үй бүлөө киреше түрү** | **Жынысыңыз?** | |
|---|---|---|---|
| | | **Аял** | **Эркек** |
| **1** | Мал чарбачылык | 12 | 2 |
| | | 18.5% | 8.7% |
| **2** | Сезондук иштер | 17 | 8 |
| | | 26.2% | 34.8% |
| **3** | Пенсия, пособие (жесир, жетимдерге берилүүчү акча) | 18 | 1 |
| | | 27.7% | 4.3% |
| **4** | Дыйканчылык | 15 | 6 |
| | | 23.1% | 26.1% |
| **5** | Өлкө ичи жана өлкө сыртындагы тууган жардамдары | 7 | 3 |
| | | 10.8% | 13.0% |
| **6** | Айлык акы (туруктуу бир иштен) | 27 | 11 |
| | | 41.5% | 47.8% |
| **7** | Пайыз кирешеси | 2 | 1 |
| | | 3.1% | 4.3% |
| **8** | Туризм | 1 | 0 |
| | | 1.5% | 0.0% |
| **9** | Аренда кирешеси | 1 | 1 |
| | | 1.5% | 4.3% |

Таблица 1. Респонденттердин киреше булактары

Катышуулардын 41.5% аялдар, 47.8% эркектер алган айлык акы жана 26.2% аял, 34.8% сезондук иштер менен киреше таабарын көрсөтүүдө. Мындай көрсөткүч бизге катышуучуларыбыздын көп бөлүүгү турукту жумуш менен камсыздалгандыгын көрсөтүүдө.

**Мигранттардын иштеген сектору;**

| **Сектор** | **Саны** | **Процент(%)** |
|---|---|---|
| Үй кызматы | 16 | 18.2 |
| Бала жана кары кароочу | 20 | 22.7 |
| Туризм тармагы | 13 | 14.8 |
| Тейлөө кызматы | 18 | 20.5 |
| Өндүрүш | 5 | 5.7 |
| Билим берүү | 8 | 9.1 |
| Мамлекеттик кызмат | 3 | 3.4 |
| Курулуш | 1 | 1.1 |

Таблица 2. Респонденттердин Түркияда иштеген сектору

Мигранттардын 55%ти жогорку билимдүү болгонуна карабастан жогоруда тизмеде берилгендей көпчүлүк бөлүгү өзүнүн кесиби менен эмес, кара жумуштарда иштешип жатканын көрсөк болот. Бул менен биз мигранттардын баардыгы эле кара жумуштарда иштейт деп айталбайбыз. Анткени, катышуучулардын 9.1%ти билим берүү тармагында, 3.4% мамлекеттик кызматтарда иштешүүдө. Мындай аз сандагы көрсөткүчтө болсода, бирок жарандарыбыз жогорку төөлөнүүчү кызмат орундарында иштеп жатканы бизди кубандырбай койбойт.

***Эмне үчүн Түркияныны тандадыңыз, башка мамлекетке барып иштесениз болмок да*** – деген суроо узатып, бул суроонун жообун жазыныздар деген учурубузда төмөндөгүдөй жоопторду алаалдык.


| *Эмне үчүн Түркияны тандадыңыз, башка мамлекетке барып иштесениз болмок да?* | Жалпы маалымат | |
|---|---|---|
| | Саны | **Процент(%)** |
| Башка маселелер (диний, маданий, тааныштык ж.б.) | 16 | 18.8 |
| Шарттан улам | 12 | 13.6 |
| Жумушту ушул жактан тапканым үчүн | 7 | 8.0 |
| Айлык акынын жогорулугу | 10 | 11.4 |
| Тааныштарым сунуш кылгандыгы үчүн | 18 | 20.5 |
| Тил маселеси | 14 | 15,9 |
| Мурун келгем | 8 | 9.1 |

Таблица 3. Респонденттердин Түркияга барып иштөөсүнө түрткү болгон факторлор

Ал эми ушул эле суроону берип. Танданыз деген учурубузда төмөндөгүдөй мааллыматтарды ала- алдык.

| ***Эмне үчүн Түркияны тандадыңыз, башка мамлекетке барып иштесениз болмок да?*** | ***Жалпы маалымат*** | |
|---|---|---|
| | **Саны** | **Процент(%)** |
| Жогорку айлык | 16 | 18.8 |
| Жумуштуулук | 12 | 13.6 |
| Мындан дагы жакшы шаар мүмкүнчүлүктөрү | 7 | 8.0 |
| Жогорку турмуш стандарты | 10 | 11.4 |
| Мындан дагы жакшыраак саламаттык жана билим | 18 | 20.5 |
| Тынч чөйрө | 14 | 15,9 |
| Башка максат менен | 8 | 9.1 |

Таблица 4. Респонденттердин Түркияга барып иштөөсүнө түрткү болгон факторлор




Сүрөт 3. Респонденттерге Түркия Республикасынын берген таасири

Өзүңүздөр көрүп тургандай катышуучулардын 50%тинен көбү “жакшы” деген жоопту беришкен.

**Корутунду**

Миграция процесси – жөнөкөй эмес, татаал социо-экономикалык кубулуш катары каралышы зарыл, анткени ички мааниси боюнча карама каршылыктуу мүнөздөгү процесс. Бир жагынан, эмиграция өлкөнүн экономикалык абалына салымын кошкон фактор катары эсептелинсе, ал эми экинчи жагынан, терс көрүнүш катары өзүбүздүн жогорку квалификациялуу кадрларды, адистерибизди жана жумушчуларыбызды жоготууга аргасыз кылган багыт. Себеби, жогоруда графиктерде көрсөтүлгөндөй мигранттардын 55%ти жогорку билимдүү, 25%ти бүтпөгөн жогорку билимдүү экени көргөзүлдү, башкача айтканда, мигрантардын 55%ти магистр даражасын жана 25%ти бакалавр даражасын бүтүргөн жарандар экендиги тастыкталууда. Мындай жыйынтык биз койгон гипотезанын (мигранттардын жогорку билимдүү эмес) туура эмес экенин көргөзүүдө. Бул көрүнүш дагыда күчөй берсе өлкөбүздө профессионалдуу жумушчу күчүнүн жетишсиздигине алып келиши мүмкүн.

Бул кыймылдын натыйжасында кыргыз жарандарынын башка мамлекеттин жараны болушу жана бул кубулуш жарандарыбыздын күнүмдүк жашоосунун жашоо образына айланышы күтүлүүдө. Себеби, башка мамлекетте жакшы шарттарда жашоо үчүн жана жогорку төлөнүүчү жумуштарга орношуу үчүн жарандарыбыз башка мамлекеттин жараны болууга умтулууда. Бирок, коркунуч туудурган нерсе - бул кубулуштун күнүмдүк жашоо образына айланылышы. Мурун мамлекетте иш жок болгондуктан жакынкы (КМШ) өлкөлөргө иш миграциясы башталган. Ал эми бүгүнкү күндө мындай кубулуш адатка айланып, жогорку төлөнүүчү жумушттарга жана жумушчу күчүнө катышуу ыкчамдуулугу жогорулаган сайын айыл жергесинен шаарларга же болбосо, дүйнөнүн бир жеринен экинчи бөлүгүнө болгон кыймыл көчү өстү.

Жалпысынан карай турган болсок бүгүнкү күндө миграция жумушсуздуктан улам жүрүп жаткан жок. Бул чындык. Себеби, өзүнүн кирешесин көбөйтүү же жашоо стандарттарын, башкача айтканда материалдык баалуулуктарын жогорулату максатында жүрүүдө.

Жогоруда айтылгандардан улам Кыргызстандагы тышкы миграциянын интенсивдүүлүгүн стабилдештирүү үчүн жумушка жарамдуу калкка жумуш ордун жана шарт түзүп берүү менен жөнгө салууга болот [1-134].

**Колдонулган булактар:**

1. Абжамилова А.Ш. Проблемы трансформации экономики: Социально-Экономические факторы движения рабочей силы в Кыргызстане на современном этапе. // Вестник КРСУ, 2006. Том 6. № 2 – 131-135 с.
2. Рыбаковский, Л. Л. (1983). Региональный анализ миграций.-М.: Статистика, 1973.-186 с.
3. Юдахина К. К. Русско-кыргызский словарь. - 2000. –Б: “Шам”. С.992
4. Castles S., Miller M. J., Ammendola G. The Age of Migration: International Population Movements in the Modern World: New York: The Guilford Press,2003, 338 pages
5. Li P. S. World migration in the age of globalization: Policy implications and challenges //New Zealand Population Review. – 2008. – Т. 33. – №. 34. – С. 1-22.